Педагогикалык кеңеш

тарабынан кабыл алынган

Протокол № 1 "1" 09 2021-ж.

"Бекитемин"

Мектеп жетекчиси ____ Иманалиева Л.М.

"1" 09 2021-ж.

**Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин Бракераждык комиссиясы жөнүндө**

**Жобо.**

1.1 Бул жобо Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин бракераждык комиссиянын ишин уюштуруу жана жөнгө салуу жөнүндө.

1.2 Бракераждык комиссия тамак- аш даярдоонун сапатын ,анын сакталышын жана билим берүү мекемесинде санитардык- гигиеналык талаптардан аткарылышын көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн.

1.3 Бракераждык комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актыларын,билим берүү органдарынын буйруктарын жана билим берүү уюмунун Уставын жана жергиликтүү актыларын жетекчиликке алат.Мектепте бракераждык комиссиянын ишин уюштуруунун ченемдик негиздери:

-Кыргыз Республикасынын «Билим беруу жөнүндө» Мыйзамы;

-«Жалпы билим берүүчү уюмдарда билим берүүнүн шарттарына карата санитардык –эпидемиологиялык талаптар»,Санитардык –эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер»;

-«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык орто мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 673 токтому.

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 27.07.2006-жылдагы №492/1 Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде 1-4 –класстардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө» буйругу.

2. Бракераждык комиссияны жана анын курамын түзүү тартиби.

2.1 Бракераждык комиссия мектеп директорунун буйругу менен түзүлөт. Комиссиянын курамы жана анын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

2.2 Бракераждык комиссиянын курамына төрт адам кирет:

- комиссиянын төрагасы (мектеп администрациясынын өкүлү);

-ашпозчу;

-директордун орун басары;

-тамактанууну көзөмөлдөө үчүн жооптуу.

2.3 Бракераждык комиссиянын мүчөлөрү өз ыктыяры менен иштешет.

3.Бракераждык комиссиянын компетенттүүлүгү жана ишинин багыттары.

3.1 Бракераждык комиссиянын негизги милдеттери :

-тамак-аштан ууланууунун алдын алуу;

-ичеги-карын ооруларынын алдын алуу;

-тамак- аштын бышыруу технологиясынын сакталышынын контролдоо;

-тамак-аштын ассортиментинин тизмесин кенейтүү,жакшы тамактанууну уюштуруу;

3.2 Бракераждык комиссиянын мүчөлөрү төмөнкү милдеттерди аткарышат:

-тамак-аш азыктарын жеткирүүдө жана түшүрүүдө санитардык –гигиеналык ченемдердин сакталышын контролдоого;

-кампаны жана башка жайларды азык-түлүктүү сактоого ылайыктуулугу,ошондой эле азык түлүктү сактоо шарттарын текшерүүгө;

-ашканада иштин уюштурулушун контролдойт;

-жумушчулар тарабынан жеке гигиена эрежелерин сакталышын көзөмөлдөө;

-тамак-аш азыктарын сатуу мезгилин жана тамак-аш даярдоонун сапатын контролдоо;

-менюнун тууралыгын көзөмөлдөө;

3.3 Кандайдыр бир мыйзам бузуулар,сын-пикирлер аныкталса,бракераждык комиссиянын мүчөлөрү сын- пикирлерди четтетүү боюнча зарыл чаралар көрүлгөнгө чейин даяр такак-аш жеткирүүнү токтото турууга укуктуу.

3.4 Бракераждык комиссиянын укуктары :

-каалаган убакта мектептин ашканасынын санитардык абалын текшерүүгө ;

-тамактын сапатын жогорулатуу жана тейлөө маданиятын жогорулатуу боюнча мектеп администрациясына сунуш киргизүүгө.

4.Документтерди каттоо үчүн талаптар.

4.1 Бракераждык комиссиянын журналы номерленип ,болоор менен бекитилип,мөөр басылышы керек,журнал ашкананын башчысында сакталууга тийиш.

4.2 Бракераждык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан аныкталган мыйзам бузуулар жөнүндө маалыматтар текшерүүлөрдүн аткарыларына жазылат.

5. Жыйынтык жоболор.

5.1 Мектептин администрациясы бракераждык комиссиянын ишин женилдетүүгө жана анын мучөлөрү тарабынан аныкталган мыйзам бузууларды жана сын-пикирлерди чет боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.